**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ И ИННОВАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

20___ “___” _____________№_____ Бишкек ш.

**“Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ойлоп табуучусу” ардак наамын ыйгарууга талапкерлерди көрсөтүү тартибин, Евразия патенттик уюмунун “Ойлоп табуучулук жана патенттик ишке кошкон салымы үчүн” В.И. Блинников атындагы Алтын медалы менен сыйлоого көрсөтүү тартибин, Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин алдындагы Ойлоп табуучулар кеңеши жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 12-майындагы № 145 “Илим, билим берүү, инновациялар жана интеллектуалдык менчик чөйрөсүндө мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуу жөнүндө” Жарлыгына ылайык жүргүзүлүп жаткан административдик реформаны ишке ашыруу, мамлекеттик башкаруу системасын өркүндөтүү, ведомстволук ченемдик укуктук актыларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келтирүү, кайталанган жана ашыкча административдик жол-жоболорду жоюу, “Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ойлоп табуучусу” ардак наамына жана Евразия патенттик уюмунун (ЕАПУ) “Ойлоп табуучулук жана патенттик ишке кошкон салымы үчүн” В. И. Блинников атындагы Алтын медалы менен сыйлоого көрсөтүү боюнча материалдарды кароодо бюрократиялык тоскоолдуктарды кыскартуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттиги (Кыргызпатент) Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине кайра түзүүгө байланыштуу, “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары, ардак наамдары жана мамлекеттик сыйлыктары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 9-июнундагы № 202 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлоонун жана ардак наамдарын ыйгаруунун тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 2-июлундагы № 390 токтому менен

бекитилген Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги жөнүндө жобону жетекчиликке алуу менен, материалдарды кароонун бирдиктүү тартибин белгилөө жана кошумча коллегиалдык жол-жоболорду жоюу максатында, **буйрук кылам:**

1. Төмөнкүлөр бекитилсин:

- "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ойлоп табуучусу" ардак наамын ыйгарууга талапкерлерди көрсөтүү тартиби № 1 тиркемеге ылайык;

- ЕАПУнун "Ойлоп табуучулук жана патенттик ишке кошкон салымы үчүн" В.И. Блинников атындагы Алтын медалы менен сыйлоого көрсөтүү тартиби № 2 тиркемеге ылайык;

- Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин алдындагы Ойлоп табуучулар кеңеши жөнүндө жобо № 3 тиркемеге ылайык.

2. Күчүн жоготту деп таанылсын:

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин Коллегиясынын 2022-жылдын 26-январындагы № 2 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин алдындагы Ойлоп табуучулар кеңеши жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматынын Коллегиясынын 2019-жылдын 25-сентябрындагы № 35 "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ойлоп табуучусу" ардак наамына көрсөтүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар боюнча мамлекеттик кызматынын коллегиясынын 2019-жылдын 17-майындагы № 22 "В. И. Блинников атындагы Алтын медаль менен сыйлоого көрсөтүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтому.

3. Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду:

- "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ойлоп табуучусу" ардак наамына жана ЕАПУнун "Ойлоп табуучулук жана патенттик ишке кошкон салымы үчүн" В. И. Блинников атындагы Алтын медалына көрсөтүү үчүн берилүүчү документтерди бекитилген Тартипке ылайык кабыл алууну, каттоону жана кароону камсыз кылсын;

- Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин алдындагы Ойлоп табуучулар кеңешинин ишин уюштуруучулук-техникалык жактан камсыз кылууну жүзөгө ашырсын;

- ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу Интеллектуалдык

менчик мамлекеттик фондунун расмий веб-сайтына жайгаштырууну камсыз кылсын.

8. Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери жана Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фонду ушул буйруктун жана аны менен бекитилген ченемдик укуктук актылардын талаптарынын аткарылышын камсыз кылышсын.

9. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары Л. С. Сулаймановага жүктөлсүн.

**Министр** **Г.Т. Исаматова**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН



Кол койгон: Исаматова Г.Т.

**№ 1 тиркеме**

**БЕКИТИЛДИ**
Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин 2026-жылдын «___» __________ №____буйругу

**“Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ойлоп табуучусу” ардак наамын ыйгарууга талапкерлерди көрсөтүү**
**ТАРТИБИ**

Ушул Тартип Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары, ардак наамдары жана мамлекеттик сый акылары жөнүндө” Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2026-жылдын 9-июну № 202 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары менен сыйлоонун жана ардак наамдарын ыйгаруунун тартиби жөнүндө жобого ылайык “Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ойлоп табуучусу” ардак наамын ыйгарууга талапкерлерди көрсөтүүнүн жана тандоонун тартибин жөнгө салат.

## 1. Жалпы жоболор

1. “Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ойлоп табуучусу” ардак наамы (мындан ары – Ардак наам) Кыргыз Республикасынын ойлоп табуучуларын сыйлоонун жана алардын мамлекетти жана демократиялык коомду коргоого жана чыңдоого, өлкөнүн экономикалык, интеллектуалдык жана руханий дараметин арттырууга кошкон салымын таануунун жогорку формасы болуп саналат.

2. Ардак наам техникалык прогресске жана экономикага олуттуу салым кошкон, мамлекеттик маанидеги өндүрүшкө киргизилген ойлоп табуулардын авторлоруна, ошондой эле көп жылдык үзүрлүү ойлоп табуучулук ишмердиги үчүн ыйгарылат.

3. Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги (мындан ары - Министрлик) Ардак наамга көрсөтүү боюнча зарыл документтер ушул Тартиптин 9-пунктунда көрсөтүлгөн талаптарга ылайык таризделгенден кийин Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик сыйлыктар боюнча комиссиянын Катчылыгына расмий бланкта сунуштама киргизет.

4. Ардак наамга көрсөтүлгөн материалдарды кароо жана баалоо Министрликтин алдында түзүлгөн Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиуму (мындан ары - Президиум) тарабынан жүзөгө ашырылат.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН
№ 586, 24.08.2026
Кол койгон: Исаматова Г.Т.

## 2. Талапкерлерди көрсөтүүнүн жана тандоонун тартиби

5. Ардак наамга талапкерлерди көрсөтүү укугу Кыргыз Республикасынын министрликтерине, ведомстволоруна, илимий жана илимий-изилдөө мекемелерине, илимий-техникалык коомдоруна жана коомдук уюмдарына (мындан ары – Уюмдар) берилет.

Уюмдар Ардак наамга бир гана талапкерди көрсөтүүгө укуктуу.

6. Ардак наамга көрсөтүү жөнүндө сунуштама Президиумдун катчылыгына берилет.

7. Ардак наамга талапкерди көрсөткөн Уюм Уюмдун жетекчисинин кол тамгасы коюлган жана мөөр менен күбөлөндүрүлгөн Уюмдун бланкындагы сунуштаманы кагаз жүзүндө берет.

Сунуштамага талапкерди Ардак наамга көрсөтүү жөнүндө Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын же эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун протоколунан көчүрмө тиркелет.

8. Соттуулугу жоюлбаган же алып салынбаган адамдарды Ардак наамга көрсөтүүгө жол берилбейт.

9. Ардак наамга көрсөтүүдө төмөнкү документтер таризделүүгө тийиш:

- Президиумдун төрагасынын атына сунуштама;
- сыйлоо баракчасы (№ 1 форма тиркелет);
- коллегиалдуу органдын токтомунан же чечиминен көчүрмө, Ардак наамга көрсөтүлгөн талапкердин талапкерлигин талкуулоонун протоколунун көчүрмөсү;
- эмгек китепчесинин, паспортnун нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү жана эмгек сиңиргендигин ырастоочу башка документтер (дипломдордун, сертификаттардын, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктарына, ардак наамдарына, ведомстволук сыйлыктарга жана башка сыйлыктарга тиешелүү документтердин нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү);
- соттуулугунун жоктугу жөнүндө маалымкат;
- мамлекеттик же муниципалдык кызматкер болуп саналган талапкер боюнча күчүндөгү тартип жазалардын жоктугу жөнүндө көрсөтүп жаткан Уюмдун маалымкаты, буга чейинки эки жылга;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан ырасталган илимий эмгектердин тизмеси, ошондой эле илимий даражасын ырастоочу документтердин нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү;
- пайдаланылган ойлоп табуулар жөнүндө негизги маалыматтар (тизмеси) (№ 2 форма тиркелет).

10. Ардак наамга көрсөтүлүп жаткан талапкердин фамилиясы, аты, атасынын аты өзгөргөн учурда, өзгөртүүнү ырастоочу документ – фамилиясынын, атынын, атасынын атынын өзгөргөндүгү жөнүндө күбөлүк же фамилиясынын, атынын, атасынын атынын өзгөргөндүгү жөнүндө жарандык абалдын актысынын жазуусунан көчүрмө тиркөө керек.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН
№ 586, 24.08.2026
Кол койгон: Исаматова Г.Т.

11. Ардак наамга талапкердин жеке идентификациялык номери жок болушу сыйлык материалдарын кароосуз кайтарып берүүгө негиз болуп саналат.

12. Туура эмес тариздделген, оңдоп-түзөтүүлөрү бар жана документтердин окулбай турган көчүрмөлөрүн камтыган сыйлык материалдары кароого алынбайт.

13. Сыйлык материалдарында анык эмес маалыматтарды берүүгө жана Ардак наамга негизсиз көрсөтүүгө жол берген кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жеке жоопкерчилик тартышат.

14. Кезектеги мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүү жаңы эмгек сиңиргендиги үчүн мурунку сыйлык берилгенден кийин кеминде беш жыл өткөн соң мүмкүн.

15. Ардак наамга кайра көрсөтүүгө жол берилбейт.

16. Жарандарды алардын маарекелерине жана кесиптик майрамдарына байланыштуу Ардак наамга көрсөтүүгө жол берилбейт.

17. Ушул Тартиптин 9-пунктунда көрсөтүлгөн документтердин колдонуу мөөнөтү Ардак наамга көрсөтүү жөнүндө өтүнүчтү демилгелеген учурдан тартып бир жыл өткөндөн кийин аяктайт.

18. Президиумдун чечимдерине байланыштуу даттануулар, арыздар, кайрылуулар жана суроо-талаптар каралбайт.

19. Президиум Ардак наам менен сыйлоонун максатка ылайыксыздыгы жөнүндө чечим кабыл алган адамды аталган чечим кабыл алынган күндөн тартып эки жылдан эрте эмес Ардак наамга кайра көрсөтүүгө жол берилет.

20. Сыйлоо баракчасынын 1-12-пункттарындагы маалыматтардын эмгек китепчесиндеги маалыматтарга шайкештиги ишкананын, мекеменин, уюмдун жетекчисинин колу жана мөөрү менен күбөлөндүрүлөт. Сыйлоо баракчасынын 14-пункту - мүнөздөмө берүүчү бөлүк. Сыйлык баракчасынын 14-пунктун (мүнөздөмөнү) тариздөөдө ал 1-12-пункттарда (эмгек ишмердиги) камтылган маалыматтарды кайталабоого тийиш.

21. Ардак наамды ыйгарууга талапкердин мүнөздөмөсү (сыйлоо баракчасынын 14-пункту) анын конкреттүү эмгек сиңиргендигин чагылдырууга жана төмөнкү маалыматтарды камтууга тийиш:

- ойлоп табуучулук менен канча жылдан бери алектенери жана акыркы беш жыл ичинде бул багытта кандай иштер аткарылгандыгы;
- сыйлыкка көрсөтүлүп жаткан адам жалгыз автор, жетектөөчү авторлош, авторлош болуп алынган патенттердин жалпы саны;
- өндүрүштө пайдаланылган ойлоп табуулардын саны;
- ойлоп табуучулук ишмердиктин негизги багыты жана анын тармак(тар) үчүн мааниси, эң маанилүү жетишкендиктерин кыскача баяндоо;
- жалпы экономикалык таасири жана андагы автордун үлүшү, экономикалык таасирин эсептөө мүмкүн болбогон учурда башка маанилүү тармактык же социалдык мааниси көрсөтүлөт;

- ойлоп табуучулук ишмердиги үчүн алган сыйлыктары жана кызыктыруучу сыйлыктары;
- сыйлыкка көрсөтүлүп жаткан адамдын эмгек сиңиргендигин жана жетишкендиктерин чагылдырган ишмердиктин башка багыттары.
Эмгек сиңиргендиги баяндалган мүнөздөмө сыйлоо баракчасынын тиешелүү бетине жайгаштырылат. Зарыл болгон учурда мүнөздөмөнү сыйлоо баракчасына тиркелүүчү өзүнчө кошумча баракта улантууга жол берилет, бирок бир беттен ашпоого тийиш.

22. Ардак наамга талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө чечим Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун мүчөлөрү тарабынан катышуучулардын көпчүлүгүнүн жашыруун добуш берүүсү аркылуу кабыл алынат.

23. Добуштарды эсептөө Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун мүчөлөрүнүн ичинен 3 адамдан турган эсептөө комиссиясы тарабынан жүргүзүлөт.

24. Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун чечими протокол менен тариздэлет, ага Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун жыйналышына катышкан бардык мүчөлөрү кол коюшат жана Министрликтин Коллегиясынын кароосуна киргизилет.

25. Министрлик тиешелүү сунуштамаларды Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик сыйлыктар боюнча комиссиянын Катчылыгына жөнөтөт.

26. Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун мүчөлөрү Ардак наамга талапкер болууга укуктуу эмес.

## 3. Ардак наамга талапкердин ойлоп табуучулук ишке кошкон салымынын маанилүүлүк критерийлери

Ардак наамга талапкерди баалоо, анын ичинде, төмөнкү критерийлер боюнча жүргүзүлөт:
- ойлоп табууга патенттин болушу, ошондой эле ойлоп табууну өндүрүшкө киргизүү жөнүндө ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын пикирлеринин болушу;
- ойлоп табуучулук иштин негизги багытын жана тиешелүү тармак үчүн анын маанисин көрсөтүү;
- өндүрүштө пайдаланылган ойлоп табуулардын саны;
- алынган патенттердин, автордук күбөлүктөрдүн, рационализатордук сунуштарга берилген күбөлүктөрдүн жалпы саны;
- жалпы экономикалык таасир жана андагы автордун үлүшү (тиешелүү жылдын баалары менен), практикалык колдонулушу, социалдык мааниси;
- талапкердин акыркы 2–3 жыл ичинде ойлоп табуучулук жаатында аткарган иштери;
- ойлоп табуучулук ишмердиги үчүн алган сыйлыктары жана кызыктыруучу сыйлыктары чаралары;

- сыйлыкка көрсөтүлүп жаткан талапкердин сиңирген эмгегин жана жетишкендиктерин чагылдырган иштин башка багыттары.

Форма № 1

**СЫЙЛОО БАРАКЧАСЫ**

Кыргыз Республикасы

______________________

*(облусу, Бишкек шаары)*

**1. Фамилиясы, аты, атасынын аты**

_______________________________________

*Эгерде мурда фамилиясы, аты, атасынын аты башка болсо, аларды көрсөтүңүз*

**2. Кызмат орду, иштеген, кызмат өтөгөн жери**
*(ишкананын, мекеменин, уюмдун, министрликтин жана башкалардын түзүмдүк бөлүмүнүн так аталышы көрсөтүлөт)*

**мамлекеттик тилде** _______________________________________________
**расмий тилде** ___________________________________________________
**3. Жынысы** _____________________________________________________
**4. Туулган күнү жана жери** _______________________________________
**5. Жарандыгы** ___________________________________________________
**6. Улуту** _______________________________________________________
**7. Билими** ______________________________________________________
*(эмнени, кайда жана качан аяктаган)*
**8. Илимий даражасы, илимий наамы, атайын наамы**

_____________________________________________________________

**9. СССРдин, Кыргыз Республикасынын кайсы мамлекеттик сыйлыктары менен сыйланган, сыйланган күнү:**

_____________________________________________________________

**10. Жалпы эмгек стажы** ___________________________________________
**11. Тармактагы эмгек стажы** _______________________________________
**12. Ушул эмгек жамаатындагы эмгек стажы**___________________________
**13. Иш жүзүндөгү дареги** _________________________________________
**Катталган дареги** _______________________________________________
**Байланыш телефону** _____________________________________________
**14. Сыйлануучунун өзгөчө сиңирген эмгеги:**

_____________________________________________________________
_____________________________________________________________
_____________________________________________________________
_____________________________________________________________
_____________________________________________________________
_____________________________________________________________
_____________________________________________________________

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________

**15.** ____________________________________________________________

*(өтүнүч берүүчү мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын, ишкананын, мекемении, уюмдун аталышы)*

**Талапкер**______________________________________________________

*(талапкердин фамилиясы, аты, атасынын аты, кызмат орду)*

**Чечим кабыл алынды:** ____________________________________________

*(кандай чечим кабыл алынганы, чечимдин датасы, №)*

______________________________________________________________

*(сыйлыктын, ардак наамдын аталышы)*

**Жетекчи** ___________________________ ________________

*(фамилиясы, аты, атасынын аты, кызмат орду)* *(колу)*

«___» ___________________*20*___-ж. **М.О.**

**16. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар:**

______________________________________________________________

*(аймактык органдын, түзүмдүк бөлүмдүн, администрациянын аталышы)*

**Талапкер** _____________________________________________________

*(талапкердин фамилиясы, аты, атасынын аты, кызмат орду)*

**Чечим кабыл алынды:** ____________________________________________

*(кандай чечим кабыл алынганы, чечимдин датасы, №)*

**Жетекчи** _______________________ _____________________________

*(фамилиясы, аты, атасынын аты)* *(колу)*

«» ___________________*20*___-ж. **М.О.**

**17. Сыйлыкка көрсөтүү субъектиси:** ________________________________

*(органдын аталышы)*

**Талапкер** _____________________________________________________

*(талапкердин фамилиясы, аты, атасынын аты, кызмат орду)*

**Чечим кабыл алынды** _____________________________________________

*(кандай чечим кабыл алынганы, чечимдин датасы, №)*

**Жетекчи** _______________________ _____________________________

*(фамилиясы, аты, атасынын аты)* *(колу)*

«» ___________________*20*___-ж. **М.О.**

**Эскертүү:** сыйлануучунун фамилиясы, аты жана атасынын аты паспорттогу маалыматтарга ылайык толтурулат.

**Негизги маалыматтар (тизме)**

**Форма № 2**

**Пайдаланылган ойлоп табуулар жөнүндө** ________________________________
*(фамилиясы, аты, атасынын аты)*

| № | Ойлоп табуунун аталышы, патенттин № жана берилген күнү | Авторлордун фамилиялары, аты-жөнүнүн баш тамгалары. Ардак наамга көрсөтүлүп жаткан автордун автордук жамааттагы ролунун жалпыланган аныктамасы (негизги автор, негизги авторлордун бири ж.б.) | Ойлоп табууну өндүрүшкө киргизүү жылы, пайдаланылган жери жана көлөмү | Ойлоп табууну пайдалануудан алынган жылдык үнөмдөө же оң натыйжанын мүнөздөмөсү | | Автордук сый акы | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | жалпы | автордун үлүшүнө туура келет | жалпы | анын ичинде авторго |

*Эскертүү: * – маалыматтар талапкердин каалоосу боюнча толтурулат.*

**Ишкананын (уюмдун) жетекчиси** ________________________________

**Башкы бухгалтер** ____________________________________________

**Мөөр**

**№ 2 тиркеме**

**БЕКИТИЛДИ**
Кыргыз Республикасынын
Илим, жогорку билим берүү жана
инновациялар министрлигинин
2026-жылдын «___» _________
№_____буйругу

**Евразия патенттик уюмунун "Ойлоп табуучулук жана патенттик ишке кошкон салымы үчүн" В. И. Блинников атындагы Алтын медалы менен сыйлоого талапкерлерди көрсөтүү**
**ТАРТИБИ**

Ушул Тартип Евразия патенттик уюмунун (мындан ары - ЕАПУ) Административдик кеңешинин 2004-жылдын 15-19-ноябрындагы он алтынчы жыйынында бекитилген «Ойлоп табуучулук жана патенттик ишке кошкон салымы үчүн» В. И. Блинников атындагы Алтын медаль жөнүндө жобого ылайык «Ойлоп табуучулук жана патенттик ишке кошкон салымы үчүн» В. И. Блинников атындагы Алтын медаль менен сыйлоого талапкерлерди көрсөтүү жана тандоо тартибин жөнгө салат.

## 1. Жалпы жоболор

1. «Ойлоп табуучулук жана патенттик ишке кошкон салымы үчүн» В. И. Блинников атындагы Алтын медаль (мындан ары - Алтын медаль) ЕАПУнун сыйлыгы болуп саналат жана Евразия патенттик ведомствосунун биринчи Президенти, интеллектуалдык менчик жаатындагы Евразия мейкиндигинин көрүнүктүү ишмери, ЕАПУнун негиздөөчүсү Виктор Иванович Блинниковдун жаркын элесине арналган жана анын урматына негизделген.

2. Алтын медаль менен ойлоп табуучулук ишти жана патенттик ишти түзүүгө, калыптандырууга жана өнүктүрүүгө олуттуу салым кошкон ойлоп табуучулар, интеллектуалдык менчик жаатындагы адистер жана уюмдар, ошондой эле башка жеке жана юридикалык жактар (мындан ары - Талапкерлер) сыйланат.

3. Алтын медаль менен сыйлоо жылына бир жолу жүргүзүлөт. Бир сыйлоонун алкагында медалдар төмөнкү багыттар боюнча ыйгарылат:

- ойлоп табуучулук ишти өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн;
- патенттик ишти өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн.

4. Сыйлоого сунушталган материалдарды кароо жана баалоо Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин (мындан ары - Министрлик) алдындагы Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиуму тарабынан жүзөгө ашырылат.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 586, 24.08.2026

Кол койгон: Исаматова Г.Т.

5. Министрлик Талапкерди Алтын медаль менен сыйлоо жөнүндө ЕАПУга сунуштама киргизүү менен сыйлоого өтүнүч берет.

## 2. Талапкерлерди көрсөтүү жана тандоо тартиби

6. Алтын медалга Талапкерлерди көрсөтүү укугу Кыргыз Республикасынын министрликтерине, ведомстволоруна, илимий жана илимий-изилдөө мекемелерине, илимий-техникалык коомдоруна жана коомдук уюмдарына (мындан ары - Уюмдар) берилет.

Уюмдар Алтын медалга көрсөтүү үчүн бир гана Талапкерди көрсөтүүгө укуктуу.

7. Алтын медаль менен сыйлоо жөнүндө сунуштама Уюм тарабынан Министрликтин алдындагы Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун катчылыгына учурдагы жылдын 1-ноябрынан кечиктирбестен берилет.

8. Алтын медалга Талапкерди көрсөткөн Уюм номинациясын көрсөтүү менен Уюмдун бланкында тариzделген, Уюмдун жетекчисинин кол тамгасы коюлган жана мөөр менен күбөлөндүрүлгөн көрсөтмөнү кагаз жана электрондук түрдө берет.

Сунуштамага Талапкерди Алтын медаль менен сыйлоого көрсөтүү жөнүндө Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын протоколунан көчүрмө же болбосо эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун протоколунан көчүрмө тиркелет.

9. Алтын медаль менен сыйлоо жөнүндө сунуштама төмөнкүлөрдү камтыйт:

а) адамдын ойлоп табуучулук жана патенттик ишке кошкон салымы жөнүндө маалыматтарды;

б) сыйлоого көрсөтүлүп жаткан адам жөнүндө маалыматтарды.

Ушул Тартиптин 9-пунктунун «а» жана «б» пунктчаларында көрсөтүлгөн маалыматтар төмөнкүлөрдү камтыйт:

*жеке жактар үчүн:*

- фамилиясы, аты, атасынын аты;
- паспорттук маалыматтары, анын ичинде туулган күнү, жарандыгы жана жашаган жеринин дареги;
- паспортунун көчүрмөсү;
- өлчөмү 3 × 4 сантиметр болгон 2 даана түстүү сүрөт;
- ээлеген кызмат орду көрсөтүү менен иштеген жеринен маалымкат;
- илимий даражасынын жана/же илимий наамынын болушу (документтердин көчүрмөлөрү);
- эмгек ишмердигинин кыскача мүнөздөмөсү;
- мамлекеттик сыйлыктары көрсөтүлгөн ойлоп табуучулук ишмердиги жөнүндө маалымкат (ойлоп табуучулук иши үчүн алган сыйлыктары жана кызыктыруучу сыйлыктары, даталарын жана башка реквизиттерин көрсөтүү менен);
- жаратылган ойлоп табуулары жөнүндө кыскача маалымат;

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

- ойлоп табууларга, анын ичинде чет өлкөлүк, колдонуудагы патенттердин тизмеси;

- өндүрүшкө киргизилген ойлоп табуулардын тизмеси, ойлоп табууларды өндүрүшкө киргизүүдөн алынган экономикалык таасири көрсөтүлүп, аны ырастоочу күбөлөндүрүлгөн документтер, ошондой эле ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын ойлоп табууну киргизүү жөнүндө пикирлери тиркелет;

- Талапкердин акыркы 2-3 жылда ойлоп табуучулук ишке кошкон салымы жөнүндө маалымат (ошол эле жетишкендиктери үчүн кайрадан сыйлоого жол бербөө максатында);

- Талапкердин илимий эмгектери жана жарыялоолору жөнүндө маалымат, анын ичинде «Россиялык илимий цитаталоо индекси» (РИНЦ), Scopus жана башка маалымат базаларын пайдалануу менен Хирш индексин көрсөтүү менен;

- байланыш маалыматтары.

*Юридикалык жактар үчүн:*

- юридикалык жакты мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүрмөсү;

- юридикалык жактын иш багыттары жана өнөр жай менчигинин объектилерин пайдалануу менен аларды рынокто илгерилетүү жөнүндө кыскача маалымат;

- юридикалык жакка таандык өнөр жай менчигинин объектилерине алынган, анын ичинде чет өлкөлүк, колдонуудагы патенттердин тизмеси;

- өндүрүшкө киргизилген инновациялык технологиялардын жана иштеп чыгуулардын тизмеси (киргизилгендигин ырастоочу күбөлөндүрүлгөн документтер жана экономикалык таасири көрсөтүлөт);

- эл аралык жарманкелердин жана көргөзмөлөрдүн медалдарынын, дипломдорунун жана башка сыйлыктарынын болушу;

- юридикалык жактын ишинде өнөр жай менчигинин объектилерин пайдалануу боюнча лицензиялык келишимдердин саны жөнүндө маалымат.

10. Алтын медаль менен сыйлоого берилген сунуштамалар Министрликтин алдындагы Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун жыйынында 2 (экиден) кем эмес сунуштама келип түшкөн учурда каралат.

11. Талапкерлерди Алтын медаль менен сыйлоого көрсөтүү жөнүндө чечим Министрликтин алдындагы Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун мүчөлөрү тарабынан катышуучулардын көпчүлүк добушу менен жашыруун добуш берүү аркылуу кабыл алынат.

12. Добуштарды эсептөө Министрликтин алдындагы Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун мүчөлөрүнүн курамынан 3 адамдан турган эсептөө комиссиясы тарабынан жүргүзүлөт.

13. Чечим протокол менен таризделет, ага Министрликтин алдындагы Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун катышып жаткан бардык мүчөлөрү кол коюшат жана Министрликтин Коллегиясынын кароосуна киргизилет.

14. Министрлик тиешелүү сунуштаманы ЕАПУга жөнөтөт.

15. Медаль жана/же Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюмунун сыйлыктары менен сыйланган Талапкер өз талапкерлигин Алтын медаль менен сыйлоого үч жылдан эрте эмес мөөнөттө көрсөтүүгө укуктуу.

16. Министрликтин алдындагы Ойлоп табуучулар кеңешинин Президиумунун мүчөлөрү Алтын медалды алууга алапкер болууга укуксуз.

## 3. Алтын медаль менен сыйлоого талапкерлерди тандоо критерийлери

17. Талапкерди Алтын медаль менен сыйлоого көрсөтүү төмөнкү критерийлер боюнча жүргүзүлөт:

а) ойлоп табуучулук ишке кошкон салымы үчүн:

- ойлоп табуулары жогорку техникалык деңгээлдин, атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн критерийлерине жооп берген, ошондой эле илимий-техникалык жана социалдык мааниге ээ болгон, ойлоп табууну колдонууда экономикалык таасир берген ойлоп табуучу;
- өзү жараткан ойлоп табууларын евразиялык патенттик жол-жобого ылайык активдүү патенттеген, ошол эле учурда жараткан ойлоп табууларына берилген евразиялык патенттердин колдонулушу камсыздалып, аларды иш жүзүндө колдонуунун конкреттүү натыйжалары бар болгон ойлоп табуучу;

б) патент ишине кошкон салымы үчүн:

- интеллектуалдык менчик системасын өнүктүрүүгө олуттуу салым кошкон адам;
- ойлоп табуучулук ишти өнүктүрүүгө олуттуу таасирин тийгизген интеллектуалдык менчик чөйрөсүндөгү илимий эмгектердин жана жарыялоолордун автору.

**№ 3 тиркеме**

**БЕКИТИЛДИ**
Кыргыз Республикасынын
Илим, жогорку билим берүү
жана инновациялар
министрлигинин
2026-жылдын «___» ________
№________буйругу

**Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин алдындагы Ойлоп табуучулар кеңеши жөнүндө жобо**

## I. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин алдындагы Ойлоп табуучулар кеңеши жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 2-июлундагы № 390 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги жөнүндө жобого (мындан ары - Министрлик) ылайык иштелип чыккан.

Министрликтин алдындагы Ойлоп табуучулар кеңеши (мындан ары - Кеңеш) ойлоп табуучуларга жана рационализаторлорго өз укуктарын ишке ашырууга көмөк көрсөтүү максатында түзүлгөн кеңешме орган болуп саналат.

Кеңеш өз ишинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, Министрлик жөнүндө жобону жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

## II. Кеңештин негизги максаттары

**2.** Кеңештин ишинин негизги максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

- ойлоп табуучулардын жана рационализаторлордун өз укуктарын ишке ашыруу боюнча ишин активдештирүү;
- ойлоп табуучуларды жана рационализаторлорду патенттик мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча ишке тартуу;
- Кеңештин мүчөлөрүнүн практикалык сунуштарын жана сунуштамаларын Министрликтин ишинде эске алуу.

## III. Кеңештин ишин уюштуруу

3. Кеңештин мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын Ойлоп табуулардын жана пайдалуу моделдердин мамлекеттик реестрине катталган ойлоп табуулардын жана пайдалуу моделдердин авторлору боло алышат.

Кеңештин мүчөлүгүнөн баш тарткан учурда автор Кеңештин төрагасынын атына эркин формада арыз бере алат.

Башка мамлекеттин жарандыгы бар адам Кеңештин мүчөсү боло албайт.

4. Министрликтин жетекчиси Кеңештин төрагасы (мындан ары - Төрага) болуп саналат, ал Кеңештин ишине түздөн-түз жетекчилик кылат жана анын ишин уюштурат.

5. Кеңеш актуалдуу маселелерди талкуулоо жана алар боюнча чечимдерди кабыл алуу зарылдыгына жараша чакырылат.

6. Кеңешти даярдоо жана өткөрүү жөнүндө маалымат тиешелүү маалыматты Министрликтин расмий сайтына жана жалпыга маалымдоо каражаттарына жайгаштыруу аркылуу авторлорго жеткирилет.

Кеңештин ишине зарыл болгон документтер (таратма материалдар) Кеңештин жыйыны өткөрүлүлө турган күнгө чейин 5 (беш) жумушчу күндөн кечиктирилбестен Министрликтин сайтына жарыяланат.

7. Кеңештин чечимдери ачык добуш берүү жолу менен катышуучулардын жалпы санынын жөнөкөй көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Кеңештин ар бир мүчөсү бир добушка ээ. Добуштар тең болуп калган учурда Кеңештин Төрагасынын добушу чечүүчү болуп саналат.

8. Кеңештин жыйындарынын ортосундагы күнүмдүк маселелерди чечүү боюнча ыйгарым укуктар Кеңештин Президиумуна берилет.

## IV. Кеңештин Президиумунун ишин уюштуруу

9. Кеңештин Президиуму (мындан ары - Президиум) ушул Жобонун 3-пунктунда көрсөтүлгөн авторлордун ишмердигин жүзөгө ашырууга байланыштуу маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн кеңешме орган болуп саналат.

10. Президиумдун жыйындары зарылдыгына жараша, бирок жылына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Президиумдун жыйынына анын мүчөлөрүнүн жарымынан көбү катышкан учурда жыйын укуктуу деп эсептелет.

11. Кеңештин жана Президиумдун чечимдери сунуштама мүнөздө болот.

12. Президиумдун ишине Төрага жетекчилик кылат.

13. Президиумдун жеке курамы Төрага тарабынан 17 адамдан кем эмес санда бекитилет.

Президиумдун курамына жакын туугандар, ошондой эле мыйзамда белгиленген тартипте жоюлбаган же алып салынбаган соттуулугу бар адамдар шайлана албайт.

14. Төраганын эки орун басары болот, алардын бири Министрликтин жетекчисинин биринчи орун басары болуп саналат. Экинчи орун басар

Президиум менен макулдашуу боюнча Президиумдун мүчөлөрүнүн ичинен Төрага тарабынан бекитилет.

15. Төрага:

- Кеңештин жана Президиумдун ишине жалпы жетекчиликти жүзөгө ашырат;
- башка уюмдар менен өз ара мамилелерде Кеңештин жана Президиумдун ишмердигин өкүлдөйт;
- Кеңештин жана Президиумдун жыйындарында кароого коюлуучу маселелерди даярдоого жетекчилик кылат;
- Кеңештин жана Президиумдун жыйындарынын күн тартибин бекитет;
- Кеңештин жана Президиумдун чечимдерин бекитет;
- Кеңештин жана Президиумдун ишине байланыштуу башка маселелерди чечет.

16. Президиумдун чечими протокол менен таризделет жана ага Төрага менен Президиумдун катчысынын кол тамгасы коюлат. Президиум өз ишин коомдук башталышта жүзөгө ашырат.

## V. Президиумдун функциялары жана укуктары

17. Президиумдун негизги функциялары болуп төмөнкүлөр саналат:

- Кыргыз Республикасында жана чет өлкөлөрдө патенттик мыйзамдарды колдонуу практикасын изилдөө жана жалпылоо;
- Кыргыз Республикасынын патенттик мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү;
- илимдин жана техниканын артыкчылыктуу багыттары жөнүндө маалыматтарды чогултуу жана жайылтуу механизмин өркүндөтүү боюнча практикалык сунуштарды киргизүү;
- Евразия патенттик уюмунун (ЕАПУ) “Ойлоп табуучулук жана патенттик ишке кошкон салымы үчүн” В. И. Блинников атындагы Алтын медалына, Интеллектуалдык менчиктин бүткүл дүйнөлүк уюмунун (ИМБДУ) Алтын медалына жана/же сыйлыктарына көрсөтүүгө жана “Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ойлоп табуучусу” ардак наамын ыйгарууга талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө чечимдерди Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кабыл алуу;
- ушул Жободо каралган Кеңештин максаттарына ылайык башка ишти жүзөгө ашыруу.

18. Президиум төмөнкүдөй укуктарга ээ:

- өз функцияларын жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды кызыкдар адамдардан сурап алууга;
- ушул Жобонун 17-пунктунда каралган маселелер боюнча жазуу жүзүндө сунуштарды жана сунуштамаларды киргизүүгө;
- патенттик укук, ойлоп табуучулук жана инновациялык иш маселелери боюнча жумушчу топтордун ишине катышууга.

## VI. Катчылыктын ишин уюштуруу

19. Кеңештин жана Президиумдун функцияларын аткаруу Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине караштуу Интеллектуалдык менчик мамлекеттик фондуна (мындан ары - Катчылык) жүктөлөт.

20. Катчылык төмөнкү функцияларды жүзөгө ашырат:

- Кеңештин жана Президиумдун жыйындарынын ишин уюштуруучулук жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу;
- Кеңештин жана Президиумдун жыйындарына материалдарды даярдоо;
- иштин жүрүшүндө келип чыккан маселелерди чечүү үчүн зарыл болгон учурда көз карандысыз эксперттерди жана адистерди тартуу;
- материалдарда камтылган маалыматтардын купуялуулугун камсыз кылуу;
- Кеңештин жана Президиумдун жыйындарынын протоколдорун жүргүзүү;
- Президиумдун мүчөлөрү Президиумдун курамынан чыккан учурда Төрагага талапкерлерди сунуштоо;
- Кеңештин жана Президиумдун ишине байланышкан башка функцияларды аткаруу.

21. Президиумдун мүчөсүнүн ыйгарым укуктары төмөнкү учурларда мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн:

- каза болгон учурда;
- жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде;
- Президиумдун жыйындарына системалуу түрдө катышпаган учурда (удаа 3 жолудан ашык);
- ИМБДУнун жана ЕАПУнун сыйлыктарына, ошондой эле “Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ойлоп табуучусу” ардак наамына көрсөтүлгөндүгүнө байланыштуу.

## VII. Корутунду жоболор

**22.** Ушул Жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү Президиум менен макулдашуу боюнча жүзөгө ашырылат жана Министрликтин Коллегиясынын токтому менен бекитилет.

**23.** Кеңештин ишин токтотуу жөнүндө маселени чечүү Министрликтин Коллегиясынын компетенциясына кирет.